1,7

Мектепте 2020-2021-окуу жылынан баштап , электрондук күндөлүккө өткөн. Окуучулар, ата-энелер балдарынын жетишкендиктерин телефондорунан көрө алат. Үй тапшырма, сабактардын жадыбалы, сабак берген мугалим, окуу кабинеттери боюнча толук маалымат ала алат. Ар кандай кулактандыруулар, жарыяларды да берип турууга ыңгайлуу.

Мектепте веб.сайт иштейт.https://balbakov.mektebim.kg/. Мектептин катышуусу менен өткөрүлгөн бардык иш-чаралар байма-бай чагылдырып турат.

Мектептин электрондук дареги бар, кат алмашуу онлайн түрүндө ишке ашат. Жогорку инстанциялар менен кат алмашуу, дүйнөнүн бардык жеринен кат алмашуу жөнгө салынган. Ар бир мугалимдин электрондук почтасы бар.

Мектепте компьютердик класс бар:мектепте 11 компьютер, 1 интерактивдүү доска , 2 проектор, 3 принтер бар. КРББ министрлиги каржылоосу менен оптика-волокондук интернет туташтырылган, интернет акысы айыл өкмөт тарабынан каржыланат.

Мектеп толугу менен Билим берүүнү башкаруунун маалыматтык системасына кирген. Толук маалыматты базадан алууга болот.

Күчтүү жактар:

1. Мектеп кыргыз класстарына билим берүү мүмкүнчүлүгүнө ээ.

2. Мектеп имаратынын кенендиги, талапка жооп бергендиги.

3. Педагогдордун потенциалдык мүмкүнчүлүктөргө ээ болуусу, өзүн-өзү өнүктүрүү боюнча бардык аракеттерди көрүүсү, өткөрүлүп жаткан курстардан өз убагында өтүүсү, чеберчилигин өркүндөтүү боюнча бардык аракеттерди көрүүсү, педагогдордун алдыңкы тажрыйбаларынын мектеп ичинде жайылтылышы.

4. Мектеп окуучуларынын ата-энелери материалдык базаны чыңдоого бардык аракеттерди көрүүсү, өз салымдарың кошуусу, потенциалдык деңгээли жогору болгон ата-энелердин болгону.

5. Демөөрчү тургундардын колдоосу- айыл өкмөттүн соц пакети, мектептин жалпы жамааты тарабынан колдоосу.

6. Эл аралык Арис фондулары менен тыгыз байланышта иштөөсү.

7. Мугалимдердин берген билими, эмгеги менен окуучулардын райондук, областык, республикалык олимпиадаларда женүүчү болуусу.

8. Интернет жогорку ылдамдыкта болуп мугалимдердин 90 % колдоно алгандыгы, мектепте интернет байланышынын жеткиликтүүлүгү

9. Райондук билим берүү бөлүмү,облasттык билим берүү институту, жергиликтүү бийлик, ар түрдүү эл аралык, коомдук уюмдар менен болгон байланышы.

**Алсыз жактар:**

1. Мугалимдин статусунун төмөндүгү

2. Окуучулунун укугу бар, жоопкерчилиги аздыгы.

3. Ата-эненин милдетинин аткарылбашы.

4. Спорт залдын жоктугу

5. Спорттук аянтчанын талапка жооп бербестиги

6. Мультимедиалык каражаттардын аз санда болушу.

7. Ата-энелердин мектептин күнүмдүк жашоосунда окуучулардын маселелерин чечүүдө пассивдүүлүгү.

8. Физика,химия предметтери боюнча лабораториялык иштерди жүргүзүү үчүн курал-жарактардын, атайын жабдылган кабинеттин жетишсиздиги.

9. Мигрант ата-энелер, толук эмес үй-бүлөлөрдүн балдарынын көптүгү, ата-энелер тарабынан көнүл буруусу аз.